**Соц.педагог (Чымырбаева З.С.)**

Жалпы билим берүүчү уюмдагы социалдык педагог баланын жашоотиричилигиндеги орчундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөнүн, мектептин, коомдук чөйрөнүн, социалдык кызматтардын, ведомстволордун, укук коргоочу жана администрациялык органдардын ортосунда арачы болот да, анын кызыкчылыктарын жактайт:

-балдардын жашоо-шартын иликтөө үчүн социалдык сурамжылоо, диагноздоочу изилдөө жүргүзүү;

-ата-энелер менен балдардын мамилелерин жакшыртууга көөктөшүү,бейжай үй-бүлөлөрдүн балдарынын баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү;

-окуучулардын инсандык психологиялык-медициналык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн, жашоо чөйрөсүн жана шарттарын иликтөө;

-баланын жүрүм-турумуна байланышкан кыйынчылыктарды, чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумдагы кемчиликтерди аныктоо максатында үй-бүлөнүү иликтөө;

-камкордукка жана тарбияга муктаж балдарга жардам берүү, алар менен жекече сүйлөшүп, аҢгемелешип иш алып баруу;

-ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга, алардын атаэнелик милдеттерге аҢ сезимдүү мамиле жасашына көмөктөшөт, ошондой эле ата-энелери менен мамилеси начарлаган балдардын маселесин чечүүгө жардам берүү;

-балдарды коргоо жана социалдык колдоо, өмүрүн жана ден-соолугун сактоо боюнча чараларды көрүү;

-жалпы билим берүүчү мектептен тышкаркы уюмдарында иштеген ар кандай кружок жана секцияларга окуучуларды тартууну уюштурат, аталган кружок жана секциялардын жетекчилери менен байланышты колдоо;

-зарыл болгондо балдардын өздүк документтерин (туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн) калыбына келтирүүгө жардам берүү;

-класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерге тартуу, балдар менен жаштар уюмдары, мекемелери, клубдары менен кызматташуу аркылуу балдардын бош убактысын уюштурууга көмөктөшүү;

-балдар иштери боюнча комиссиянын ишине катышуу;

-айлана-чөйрөнүн таасирин анализдей билүү, адамдар менен баарлаша жана байланыш мамиле түзүү;

-сабакка келбеген, сабакты көп калтырган балдар жана алардын атаэнелери менен аҢгемелешүү;

-окуучулардын психологиялык , медпедагогикалык өзгөчөлүктөрүн, жашоо чөйрөсүн иликтөө;

-жетим жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдарды (тарбиялануучуларды) жөлөк пул, пенсия менен камсыздоо боюнча көмөк көрсөтөт;

-ар бир класс жетекчилерден мүнөзү оор окуучулардын тизмесин алуу жана алар мене ниш алып баруу;

-айыл өкмөттөрү жана айыл башчылар менен байланышуу.

Төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:

Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргызстандын мамлекеттик символдорун, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарын, КР «Балдар жөнүндөгү» Кодексин, КР Эмгек Кодексин, баланын укутары жөнүндө Конвенцияны жана башка социалдык-педагогикалык ишмердикти уюштуруу боюнча ченемдик-укуктук актыларды : педагогиканын жана педагогикалык психологиянын негиздерин: социологиянын негиздерин: баланын физиологиясын жана гигиенасын: мамлекеттик институттарын, коомдук уюмдардын окуучуларга жардам берүү жана тарбиялоо жаатындагы милдеттерин, педагогикалык адептин ченемдерин.